| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ<br><br>ТОГУЗ-ТОРО РАЙОНУ<br>КАРГАЛЫК<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br><br>ТОГУЗ-ТОРОУСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>КАРГАЛЫКСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Каргалык айылдык кеңешинин (I чакырылышынын) кезектеги XII сессиясынын № 45 ТОКТОМУ**

11 - август 2025-жыл — Казарман айылы

**Каргалык айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын 25-июлундагы № 01-6/631 чыгыш сандуу катын кароо (зоналык коэффициент)**

Каргалык айылдык кеңешинин "Бюджет, экономика, инвестиция, муниципалдык менчик, ишкердик иш жана тышкы экономикалык байланыш боюнча" туруктуу комиссиясынын төрагасы Атыканов Анарбек Кадыкеевичтин маалыматын угуп жана талкуулап, Каргалык айылдык кеңешинин (I чакырылышынын) кезектеги XII сессиясы **токтом кылат**:

1. Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 388, 404-беренелерине ылайык, 2026-жылга карата Каргалык айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн аймагында Кз - зоналык коэффициенттери төмөндөгүдөй өлчөмдө белгиленсин:
   Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 388-беренесине ылайык,
   - калктуу конуштун жерлери жана айыл чарба багытындагы эмес жерлер үчүн, зоналык коэффициент - 2,0 өлчөмүндө белгиленсин.

   Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 404-беренесине ылайык,
   - үй жанындагы короо жай жана багбанчылык-чарба жер участогу үчүн - 1,6 өлчөмүндө белгиленсин.
2. Каргалык айыл аймагында юридикалык жактарга Кз - зоналык коэффициенттерине эсеп жүргүзүү Тогуз-Торо райондук мамлекеттик салык мекемесине тапшырылсын.
3. Бул токтом 2026-жылдын 1-январынан баштап күчүнө кирет.
4. Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы Каргалык айыл аймагынын айыл өкмөт башчысына жүктөлсүн.
5. Бул токтом Каргалык айыл өкмөтүнүн http://kargalyk.gov.kg/ расмий веб-сайтына жарыялансын.
6. Бул токтомду көзөмөлдөө «Бюджет, экономика, инвестиция, муниципалдык менчик, ишкердик иш жана тышкы экономикалык байланыш боюнча» туруктуу комиссиясынын төрагасына тапшырылсын.

**Каргалык айылдык кеңешинин төрагасы** **Т.И.Токтоболотов**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ «КАРГАЛЫК АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ» КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ ИНН 02703202410442